ПО 1.21 191

«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы НМУнун
ректору _________ Э. М. Байбагышов
«__» апрель _______ 2022-жыл.

## С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине караштуу Инновациялык илимий-изилдөө институту жөнүндө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине (мындан ары – Университет) караштуу Инновациялык илимий-изилдөө институту (мындан ары – Институт) – Университеттин жалпы илимий-изилдөөчүлүк, конструкторлук-тажрыйбалык, ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүгүн ыкташтыруучу, жогорку квалификациялуу илимий кадрларды тартып, билим берүү жана илимий-изилдөө ишин жүргүзүүчү, ошондой эле жогорку технологиялуу жабдууларды, инновациялык илимий жетишкендиктерди пайдаланып илимий-техникалык продукцияларды берүүчү түзүмдүк бөлүм.

2. Ушул Жобо Институтту түзүүнүн, кайра түзүүнүн, жоюунун тартибин, негизги максатын, милдеттерин, ишмердүүлүгүнүн багытын, түзүмүн, башкаруу жол-жобосун, ишмердүүлүгүнүн финансылык-экономикалык негиздерин жөнгө салат.

3. Ушул Жобо Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат жана аны Университеттин ректору бекиткен учурдан баштап иштейт.

4. Институт Университеттин ректорунун демилгеси боюнча Университеттин Окумуштуулар кеңешине тиешелүү сунуш киргизүү жолу менен түзүлөт.

5. Университеттин Окумуштуулар кеңеши Институтту түзүү маселеси боюнча анын мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан кворум бар болгондо ачык добуш берип, добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү жолу менен чечим кабыл алат. Институтту түзүү күнү, Университеттин курамында мурда түзүлгөн илимий-изилдөө институттарын кошпогондо, Университеттин Окумуштуулар кеңешинин Институтту түзүү жөнүндө чечимин Университеттин ректорунун буйругу менен бекиткен күн болуп саналат.

6. Институт өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын (2003-жылдын 30-апрели №92 (2021-жылдын 29-ноябрындагы №142 Мыйзамынын редакциясына ылайык)), «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын (2017-жылдын 16-июну № 103) жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары –

ББжИМ), Университеттин ченемдик-укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

7. Институттун иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурда жана тартипте аттестацияланууга (аккредитацияланууга) тийиш.

8. Институт өзүнүн символикасына, өзүнүн жана Университеттин аталышы жазылган тегерек гербсиз мөөргө, ошондой эле штамптарга, бланктарга жана башка иштөө үчүн зарыл болгон атрибутикага ээ боло алат.

9. Институт Университеттин атайын каражаттарынын, бекитилген илимий-изилдөөлөргө бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын, мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардан тартылган каражаттардын эсебинен өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

10. Университет Институтка ушул Жободо аныкталган милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон имаратты жана башка мүлктү, оргтехниканы ыкчам башкарууга бекитип берет.

## 2. Институттун максаттары жана милдеттери

11. Институттун максаттары анын ишинин профили боюнча илимий-билим берүүчүлүк, илимий-агартуучулук жана инновациялык-өндүрүштүк ишти жүргүзүү болуп эсептелет.

12. Институт төмөнкү милдеттерди ишке ашырат:

- илимдин артыкчылыктуу багыттары боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- инновациялык технологияларды түзүү жана илимий-изилдөөлөрдү талап кылган өндүрүштү колдоо;
- Университетте кошумча билим берүү жана кесиптик кайра даярдоо программалары боюнча жүзөгө ашырылуучу билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- Университетте магистрлерди, аспиранттарды, докторанттарды, PhD докторанттарды даярдоонун билим берүү программалары боюнча жүзөгө ашырылуучу билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- Университеттин жана Институттун илим-изилдөө багыттары боюнча конференцияларды, симпозиумдарды, семинарларды ж.б. иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- Университеттин жана Институттун окумуштуулары менен ойлоп табуучуларынын интеллектуалдык менчигин жана автордук укуктарын коргоону уюштуруу;
- Университеттин журналында, республиканын жана чет өлкөлөрдүн алдыңкы журналдарында илимий макалаларды жарыялоого, илимий монографияларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын жарыялоого Университеттин жана Институттун окумуштууларына, магистранттарына, аспиранттарына, докторанттарына көмөктөшүү;

- Университеттин жана Институттун эмгек жамааттарынын билим берүүчүлүк-илимий, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү;

- окумуштуулар, илим изилдөөчүлөр жана ойлоп табуучулар үчүн жумуш орундарын түзүү жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо.

### 3. Институттун укуктары жана милдеттенмелери

13. Институт төмөнкүлөргө укуктуу:

- өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоого жана ишке ашырууга;

- өзүнүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоого жана ишке ашырууга;

- башка уюмдар менен белгиленген тартипте келишимдерди түзүүгө жана өз ара пайдалуу кызматташтык жүргүзүүгө;

- ассоциацияларга, союздарга, анын ичинде эл аралык ассоциацияларга, союздарга кирүүгө;

- илимий-изилдөөлөрдү, ойлоп табууларды каржылоого карата сынактарга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген иштин башка түрлөрүн жүргүзүүгө.

14. Институт төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өз ишмердүүлүгүнүн профили боюнча билим берүү ишин жүргүзүүгө;

- өз ишмердүүлүгүнүн профили боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;

- ББжИМнин, Университеттин тапшырмаларына карата билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү өнүктүрүү жана интеграциялоо боюнча аналитикалык маалымкаттарды жана сунуштарды даярдоого;

- Институттун ишине зарыл болгон башка иш-чараларды ишке ашырууга.

### 4. Институттун түзүмү жана персоналы

15. Институттун түзүмү Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча Университеттин ректору тарабынан бекитилет.

16. Институттун түзүмүнө анын ишмердүүлүгүн аткарууну камсыздоочу Илимий-техникалык кеңеш, Магистратура, аспирантура жана докторантура борбору ж.б. борборлор, Илимий изилдөөлөр бөлүмү, зарылдыгына жараша түзүлүүчү ар түрдүү илимий-изилдөө лабораториялары жана башка түзүмдүк бөлүмдөр киришет.

17. Институттун түзүмүнө кирген Илимий-техникалык кеңешти, борборлорду, кафедраларды, бөлүмдөрдү, лабораторияларды түзүүнүн, кайра түзүүнүн, жоюунун тартиби, негизги максаты, милдеттери, ишмердүүлүгүнүн багыты, түзүмү, башкаруу жол-жобосу, ишмердүүлүгүнүн финансылык-экономикалык негиздери аларга тиешелүү өзүнчө жоболор менен аныкталат.

18. Институттун курамына кирген Илимий-техникалык кеңеш, борборлор, кафедралар, бөлүмдөр, лабораториялар билим берүү, инновациялык жана илимий-изилдөө ишмердүүлүктөрүн жүзөгө ашыруучу түзүмдүк бөлүмдөр болуп саналат.

19. Университеттин курамындагы факультеттер, факультеттерге караштуу кафедралар Институтка түздөн-түз баш ийбейт, бирок өздөрүнүн инновациялык жана илимий-изилдөө ишмердүүлүктөрү боюнча Институттун алдында отчет беришет. Бул чара Университеттеги инновациялык жана илимий-изилдөө ишмердүүлүктөрүн активдештирүү жана ушул процессте түзүлгөн баалуулуктарды, потенциалды кыйла майнаптуу колдонуу, ыкташтыруу максатын көздөйт.

## 5. Институтту башкаруу

20. Институтту башкарууну Университеттин илим жана өнүктүрүү боюнча проректору коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

21. Институтту башкаруу процессинде илим жана өнүктүрүү боюнча проректор Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, Университеттин Уставына жана ушул Жобого ылайык төмөнкү милдеттерди аткарат:

1) Институтту жетектөөнү жүзөгө ашырат, анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын ишке ашыруунун пландарын иштеп чыгат;

2) илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарынын тематикасын бекитет, илимий-изилдөө долбоорлорунун тематикасын бекитет;

3) Университеттин жана Институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн билим берүү. инновациялык жана илимий-изилдөө иштеринин пландарын, программаларын жана илимий-техникалык тапшырмаларын бекитет;

4) билим берүү, инновациялык жана илимий-изилдөө иштеринин, долбоорлорунун мазмунуна, проблематикасына жана аткарылуу сапатына көзөмөлдү уюштурат;

5) Университеттин ректорунун кароосуна Институттун түзүмүн аныктоо же өзгөртүү боюнча сунуштарды алып чыгат;

6) Институттун кызматкерлеринин ортосунда алардын кызматтык милдеттерин бөлүштүрөт, алардын ыйгарым укуктарын аныктайт жана Университеттин ректорунун тапшырмасы боюнча кызматтык нускамаларды бекитет;

7) Институттун кызматкерлеринин аткаруусу үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет, тескемелерди жана башка актыларды чыгарат;

8) кызматкерлер өз милдеттерин мыкты аткарган учурда аларды сыйлоо, ал эми начар аткарган же аткарбаган учурда аларды жазалоо боюнча чараларды сунуштайт;

9) убактылуу илимий жамааттарды түзөт (мисалы, илимий-изилдөө долбоорлорун аткаруу үчүн);

10) Университеттин Окумуштуулар кеңешинин алдында жылына бир жолу жасаган иши жөнүндө отчет берет;

11) Институттун ишмердүүлүгүн уюштуруу менен байланышкан башка иштерди жүзөгө ашырат.

22. Илим жана өнүктүрүү боюнча проректор:

- Институтту башкаруу процессинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Билим берүү жана илим министрлигинин, Университеттин буйруктарын жана нускамаларын, ички эмгек тартибинин эрежелерин жана Институт жөнүндө ушул жобону жетекчиликке алат;

- Институтту жеке башчылык принциптерде башкарат жана Институттун максаттарын, милдеттерин жана функцияларын турмушка ашыруунун сапатына, финансылык тартиптин сакталышына, эсепке алуунун жана отчеттуулуктун аныктыгына, Институттун оперативдүү башкаруусундагы мүлктүн жана башка материалдык баалуулуктардын сакталышына, Институттун кызматкерлеринин эмгек укуктарынын сакталышына, мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтардын корголушуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышына жана аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат;

- Университеттин ректоруна кызматкерлерди ишке кабыл алууну жана иштен бошотууну сунуштайт, алардын кызматтык милдеттерин аныктайт;

- Институттун өзгөчөлөнгөн кызматкерлерин сыйлайт жана тартиптик жазаларды колдонот;

- анын компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча чечим чыгарат.

## 6. Илимий-техникалык кеңеш

23. Илимий-техникалык кеңеш Университеттин Институттун курамында турган кеңешүүчү-сунуштоочу коомдук-кесиптик органы болуп саналат.

## 7. Институттун каржылоо жана материалдык камсыздоо булактары

24. Институттун ишин каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- окутуунун наркын төлөө келишими боюнча магистранттарды, аспиранттарды ж.б. окутуу ишмердүүлүгүнөн түшкөн атайын каражаттар;

- мамлекеттик бюджеттин каражаттары;

- илимий долбоорлорду жана программаларды аткарууга жеке жана юридикалык жактар тарабынан бөлүнгөн акча каражаты;

- илимий изилдөөлөрдөн, илимий-өндүрүштүк, илимий-билим берүү, инновациялык, басма жана башка иштен түшкөн кирешелер;

- эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, коммерциялык ишканалар, юридикалык жана жеке жактар менен мыйзамдарда белгиленген тартипте эки тараптуу жана көп тараптуу негизде иштөөдөн алынган каражаттар;

- юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде эл аралык юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү жана кайрымдуулуктары;

- банктардын максаттуу төгүмдөрү жана насыялары;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

25. Институт мүлктү өзүнүн мамлекеттик илимий мекемелер жөнүндө жоболордо жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген милдеттерин жана функцияларын аткаруу үчүн ыкчам башкаруу укугунда пайдаланат.

26. Институттун ишин көзөмөлдөө мамлекеттик ИИИ жөнүндө жободо жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

**8. Институттун ишин токтотуу жана кайра уюштуруу**

27. Институттун иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жоюлган учурда токтотулушу мүмкүн.

28. Институтту кайра уюштуруу (бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, кайра түзүү) Окумуштуулар кеңешинин сунушу жана Институттун ИТКнин өтүнүчү боюнча Университеттин ректорунун буйругу менен ишке ашырылат.

29. Институт жоюлган учурда анын мүлкү Университеттин карамагына өткөрүлөт.

30. Институттун документтери "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

**Макулдашылды:**

**Илим жана өнүктүрүү боюнча проректор** **А. С. Жантаев**

**Юрист** **Н. Т. Андабеков**

## Инновациялык илимий-изилдөө институтунун түзүмү

